[redacted]

*Нарынбек ЖАМАНГУЛОВ*

# АТАМ ЖӨНҮНДӨ ДАСТАН



Нарынбек ЖАМАНГУЛОВ

# АТАМ ЖӨНҮНДӨ ДАСТАН

(ырлар)

БИШКЕК - 2000

*Эң жакын, эң асыл адамым атам Жолдоштун жаркын элесине арнайм.*

**Нарынбек Жамангулов** 1967-жылы Кочкор районунда туулган. 1991-жылы КМУУнун журналистика факультетин бүтүргөн соң, ички иштер органдарында эмгектенип келет. Милициянын капитаны. Учурда ИИМдин "Бетме-бет" гезитинин жооптуу катчысы.

Автор буга чейин мезгилдүү басма сөз беттеринде, "Учкун" альманахында жарык көргөн ырлары менен поэзия сүйүүчүлөрүнө жакшы тааныш. Бул алгачкы жыйнагына ата-энеге, жашоого болгон сүйүү, махабат жана турмуштук ырлары киргизилди.



# Автордон

*Жалган дүйнө, чын дүйнө деп бөлүнүп,*
*Алмуздактан келатат кеп бөлүнүп.*
*Бейиш - тозок бар дешет чын дүйнөдө,*
*Ал жакта да адамга чек бөлүнүп.*
*Ишендиңби бул сөзгө ата чындап,*
*Айтор бизден кеттиңиз тез бөлүнүп.*

*Чын дүйнө деп кеттиң да, алыстадың,*
*Арман менен ачуу жаш - агызгамын.*
*Ошол дүйнө чын болсо бейиш төрүн*
*Сиз үчүн деп кудайга табыштадым.*
*Куран кылып жан ата китебимди,*
*Арбагыңа өзүңдүн багыштадым.*

# ЭНЕ НЕГЕ КИРДИҢ ТҮШҮМӨ?

Эне неге кирдиң түшүмө,
Сагынычың айтыш үчүнбү?
Санаалумун бүгүн өзүмчө,
Жооруй албай көргөн түшүмдү.

Сары жоолук салып алыпсың,
Сары мончок тагып төшүңө.
Былтыркыдан карып калыпсың,
Бырыш түшүп нурлуу жүзүңө.

Жол боюнда жалгыз турупсуң,
Кармап алып эски күрмөңдү.
Анан ыйлап жашың куюлттуң,
Унуткансып такыр күлгөндү.

"Кулунум" деп колуң сермедиң,
Угулбады башка бир кебиң.
Сары жоолук салып алганың,
Ооруп жүргөн окшойт бир жериң.

Сары мончогуң тарткан санааң го,
Же сагыныч, менин туюшум.
Бирок кандай жолдун боюнда,
Жашың сыгып жалгыз турушуң?..

# ӨМҮР

Саргаруу бизде бар,
Жалбырак сыңары.
Сагынуу бизде бар,
Күндөрдөй кусалуу.

Өмүр бар бүтпөгөн,
Күүлөнгөн канаттай.
Өлүм бар күтпөгөн,
Куураган даракттай.

Жаштык бар жылт эткен,
Сымаптай жугумсуз.
Жашоо бар жарк эткен,
Кыялдай тынымсыз.

Бакыт бар энеңдей,
Мандайдан сылаган.
Коштогон кайгы бар,
Даракттай кууараган.

Сүйүү бар ар кимде,
Насиптей буюрган.
Күндөр ай тынымсыз,
Салаадан куюлган.

## АТАМА
### (ырлар түрмөгүнөн)

Эмне кордуң бул жалгандан, ата
сен,
Эмне иш кылып, эмнелерге
жетиштиң.
Түйшүк менен айрылышпай
өмүрүң,
Эс алууну билбей, өтүп кетипсиң.

Тапканың бал, татыганың суу
болуп,
Жаралганы сенден түйшүк
кетпеди.
Тууганлардын чыры бүтпөй, чуу
болуп,
Чыйрыктырды далай муздак
сездору.

Кың дебестен кайыл болуп
баарына,
Таарынычың ичке катып жык
толгон.
Кете бердиң момундардын
шаарына,
Таза бойдон, тунук бойдон,
жаш бойдон.

Эми мага акыл айтып кынаптап,
Мээрим того маңдайымдан
ким обот.
Кимге эркелейм, кеттиң ата
ыраактап,
Эми менин таарынычым кимге
отот.

Ата сени жоготтумбу чын эле,
Арман дүйно күчү ушубу
олүмдүн.
Ак жашадың, арамдыгың жок
эле,
Арга канча, олүм күчтүү, олүм
чын.

...Эмне кордүң бул жалгандан
ата сен,
Эмне иш кылып, эмнелерге
жетиштиң?
Түйшүк менен айрылышпай
омүрүң,
Эс алууну билбей, отүп
кетипсиң.

***

Боз топурак чүмкөп алган
бейитиң,
Быйыл жазда алгачкы ирээт
келишим.
Колдон келген жалгыз гана
сыйым бул,
Күңгүрөнүп куран окуйм сен үчүн.

Жетинчи жаз таңдын көрбөй
атышын,
Жетинчи жай күндүн көрбөй
батышын,
Жетинчи күз караанына зар
кылып,
Жетинчи кыш жер алдында
жатышың.

Өйдө-төмөн каттаганда
айылдан,
Эстелигиң бейитиңе
коюлган,
Ак жол тилеп, алкап мени
тургансыйт,
Калыбыңда алаканың жайылган.

Балдарым деп тыным албай
күндөп-түн,

Бул жалгандан кыска жашап сен
да оттуң.
Атаганат өмүрүңдүн аздыгын
Кечир ата, учурунда билбепмин...

Өмүр неге мынча кыска адамда?
Тилдеп койсоң таарынчу элем мен
анда.
Чоң атанын билбей өстүм
кадырын,
Чоң атасыз өсүп келет балам да...

...Боз топурак чүмкөп алган
бейитиң,
Быйыл жазда алгачкы ирээт
келишим.
Колдон келген жалгыз гана
сыйым бул,
Күңгүрөнүп куран окуйм сен үчүн.

***

Колдогонуң ким деди, - арбак
дедим,
Коргогонуң ким деди, - арбак
дедим.
Ишенгениң ким деди, - арбак
дедим,
Таянганың ким деди, - арбак
дедим.

Жакпай ишим жасаган жаман
делип,
Жабыр тартып жашоодон, араң
келип,
Жатканымда түшүмдө колдоп
турат,
Атакемдин арбагы аян берип.

Бүткөндөн көп алдыда
бүтөлөгүм,
Миң жыгылып, миң кайра
түзөлөмүн.
Арбак кирсе түшүмө ал
күндөрү,
Оңолот деп иштерим - ишенемин.

Калганчакты кан солум, араң
жаным,
Таканчыктаар эч бир жай таба
албадым.
Кайрат бер деп бир гана үмүт
кылып,
Арбак болду сырдашым,
таянганым.

Жан кыйналып жашоодо
жабыркагам,
Кудай бардыр баардыгын
калыстаган.
Жалгыз гана жараткан кабыл
кыл дейм,
Куранымды арбакка багыштаган.

Колдогонуң ким деди, - арбак
дедим,
Коргогонуң ким деди, - арбак
дедим.
Ишенгениң ким деди, - арбак
дедим,
Таянганың ким деди, - арбак
дедим.

# БААТЫРЛАРДЫН АРБАГЫ ЫЙЫК ДАЙЫМ

*(Кесиптешим Зарылбек Абдыкеримовдун жаркын элесине арнайм.)*

Күлүп келип жашоого, кейип
кеткен,
Эл-жер үчүн кармашта
шейит кеткен.
Баатырлардын арбагы ыйык
дайым,
Түшпойт алар эч качан
бийиктиктен.

Коргоп элдин тынчтыгын,
уюткусун,
Сен да ажалга бет маңдай
келип турдуң.
Курчтугунан кырсыктап
калды дешет,
Отуз жаштын ооз тийбей
ырыскысын.

Боз топурак чүмкондү
кырчын элес,
Бул сендеги жөн гана курчтук
эмес.

Кылмышкердин колунан
шейит кеттиң,
Эрдик мунуң, эч кандай
кырсык эмес.

Жаңы жарап келатып эл
ишине,
Жетпей калдың ишиңдин
жемишине.
Кош бол боорум, турпагың
торко болсун,
Койгон гүлүм бул сенин
бейитиңе...

...Күлүп келип жашоого,
кейип
кеткен,
Эл-жер үчүн кармашта шейит
кеткен.
Баатырлардын арбагы ыйык
дайым,
Түшпойт алар эч качан
бийиктиктен.

# УЛУУ КҮН

Канчалардын каректерин
талыткан,
Кан-какшатып энелерди
карыткан.
Жеңиши эле күйүт менен көз-
жаштын,
Зарыктырып анан келген
алыстан.

Анда баары бөлөк-бөтөн
болбостон,
Бир адамдай бирин-бири
колдошкон.
Чыккынчыдан чыгаандары
көп чыгып,
Душманынан Ата-Журтун
коргошкон.

Териштирбей ким-кимдигин,
улутун,
Бөлө жешип болсо наны бир
үзүм.
Жанын берип, канын төгүп
келишти,
Баары бирдей, ушул Улуу күн
үчүн.

Эскеришсе көздөрүнөн жаш
алып,
Эски кител кийип алып
жасаныp.
Ал күндөрдүн эстелиги
болушкан,
Аталардын саны барат
азайып.

***

Жомокто жашап жүрүп,
Жок эмне?..билбептирбиз.
Сымаптай таза жүрүп,
Сыныктай кирдептирбиз.

Бапырап баш -аламан,
Бир заман өткөн тура.
Бар-жокко карабаган,
Тагдырың өктөм тура.

Коноктой, бул жашоого,
Бир келип, бир кетебиз.
Жылдыздай бул жашоодо,
Бир күйүп, бир өчөбүз.

# НООРУЗ

Алас, алас, алас деп,
Ар балээден калас деп.
Камтып ырыс ак-тилек,
Байыртадан келет кеп.

Ак элечек балпайган
Апаларга өмүр бер.
Ак сакалы жайкалган,
Аталарга демиң бер.

Жаш бүчүрдөй ачылган,
Жаштарыңа ыйман бер.
Акыл кенчи чачылган,
Карыларга сыйдан бер.

Бөбөкторгө күлкү бер,
Келечегин кең кылып.
Ырыскы бер элиме,
Ала-Тоодой мол кылып.

Болтурбай эч кайгы-муң,
Элдин сактап тынчтыгын.
Чарк айланып дубанды,
Жаша Нооруз, миң кылым!

## БАЛАТЫЛАР

Тааныш жол, табышмактуу мага
бирок,
Таппадым жандырмагын
сырындын мен.
Таптады далай ирээт балалыгым,
Азыр да айрылышпайм сени
менен.

Аягы ушул жолдун алпарчу эле,
Ар дайым таятамдын куттуу
үйүнө.
А кийин сапарымды буруп кеттиң,
Калың чий каптап калган
мүрзөлөргө.

Балалык кезимдеги үмүт менен,
Бүгүн да ушул жолдо сапар
алдым.
Тартылып көз алдыма келе калат,
Элеси күтүп турган таятамдын.

Бүгүн да калбай ээрчип тең жарышат,
Тоо суусу жол боюнда дайра сымал.
Жаңыдан бүчүр байлап оскон тегиз,
Андагы балатылар кайдасыңар?

А бүгүн эмнегедир тартылгансып
Калыптыр жол боюнда тунук дайра.
Андагы бала кыял балатылар,
Айланып кетипсиңер карагайга.

## КАРЫЛАРЫМ

Талыкшыган чал келет таягы бар,
Тал түбүнө сайдагы жалгыз өскөн.
Былтыркыдан суюлган аягыңар,
Карыларым жүзүнө бырыш
түшкөн.

Баштагыдан үнүңөр каргылданып,
Буурул баскан чачыңар,
сакалыңар.
Атам-заман кездеги сөздөн салып,
Жан кумарын кандырчу
жомогуңар.

Жай саратан мезгилде бак
түбүндө,
Сезбей калып, кеч кирип ай
чыкканын.
Кербендердей киришип сөз
түбүнө,
Кезек менен санжыра
айтышканың.

Ар күн сайын кеч кирип, атат
таңдар,
Ар ай сайын катарың жаңыланып.
Ар жыл сайын азайып ак
сакалдар,
Таятамдын өзү жок, орду калып.

## КҮЛГҮН КУРАК

***(Эжем Жумакулдун жаркын элесине арнайм)***

Жер энеде жай болбойт гүл
онбогон,
Кубаныч бар жерде анан күн
оңдонгон.
Күргүчтөгөн жашоо бар жер
үстүндө,
Ошондой эле кайгы бар
түгонбогон.

Эми отүп отуздан, жетпей кыркка,
Өмүр жаңы гүл курак болгон тушта,
Эжекем ай, эмнеге эрте кеттиң,
Таарынычың бар беле бул
турмушка.

Зыяны жок эч жанга, эч нерсеге,
Көзүң катпай көп ишке, көп
нерсеге.
Тунук бойдон жылт эте кете
бердиң,
Жашоо баркын түшүноор кез
келгенде.

Энең калып артында кан ыйлаган,

Уулуӊ калды бозоруп дагы
ыйлаган.
Чайын ичсеӊ эмне эже,
той түшүрүп,
Чоӊойгондо кызыӊыз
Жамийладан.

Суусу соолуп, өмүрдүн булактагы,
Түндүгүӊүз неге эрте кулап
калды.
Сиз жөнүндө эскертип
эртели-кеч,
Көз алдымда күлгүн бир курак
калды.

...Жер энеде жай болбойт гүл
оӊбогон,
Кубаныч бар жерде анан күн
оӊдонгон.
Күргүчтөгөн жашоо бар жер
үстүндө,
Ошондой эле кайгы бар
түгөнбөгөн.

# МЕНИН АСЫЛ ЭНЕКЕМ

Ырыскымдын башатындай,
Ууз сүйүүмдүн тазасындай,
Демоор болуп мага дайым
Өмүр бою жашоочудай
Медер туткан энекем.

Күндөй сүйкүм күлүшү бар,
Ак тилектүү үмүтү бар,
Балама деп мага арнаган
Баа жетпеген сүйүүсү бар
Менин асыл энекем.

Кубанчымды коштоп турган,
Мен кайгырсам боздоп турган,
Азабымды кошо тартып
Алыс кетсем жоктоп турган
Менин асыл энекем.

# БАЛАМА

Сөздөрү бал, тили бал,
Көздөрү бал, дили бал.
Бажырайган каралдым,
Атасындай сүрү бар.

Чулдураган чунагым,
Так секирген улагым.
Бир аз тартып калыптыр,
Апасынын кыялын.

Жазсам бүтпөс - жаңы ырым,
Жан жыргаткан жарыгым.
Бал сөздөрү түгөнгүс,
Бапылдаган бабырым.

Жыттап тойбойм жытына,
Түндүгүмдүн куту да.
Жаратканга жалынып,
Өмүр бер дейм ушуга.

## КҮТ ЭНЕ

***(досум Чадаев Артурга)***

Эмизгениң бал каймактуу сүт эле,
Жумшаганың теңдеши жок
күч эле.
Бойго жетип, Ата-Журтун
коргогон,
Ушул күздө уулуң келет күт эне.

Катышалы үлпөттүү той кечеңе,
Камдалуубу жибек баркыт
кошого.
Келин алсам кол узарат дечү элең,
Ушул күздө келиниңди күт эне.

Эрккенде эрмек болоор өзүңө,
Эркелетээр бекем кысып төшүңө,
Нечен жылдар эңсеп күткөн
тилегиң,
Ушул күздө небереңди күт эне.

Баары болот, кереги жок
түңүлүп,
Баары болот, жок бул эмес
кур үмүт,
Бактылуу күн келерине аз калды,
Ишен эне, берекелүү күздү күт.

# ЖАЗ КЕЛЕТ ЖАКЫНДА БИЗ ЖАККА

Жаз келет жакында биз жакка,
Кар эрип жумшарып жибип жер.
Кыздарга ашыктык кат жазат,
Сүйүүгө мас болгон жигиттер.

Жаз келет жакында биз жакка,
Күн тийип жер бетин жылытат.
Кыш бою эриккен селкилер,
Гүл терип талаага чыгышат.

Жаз келет жакында биз жакка,
Сүйүүдөн бактысыз барбы деп.
Той түшүп жаштардын айлына,
Булбулдар сайрашат таңды кеч.

## КЛАССТАШТАРЫМА

Мезгил жетип, учтук алыс
талпынып,
Мээрим токкон уяны артка
калтырып.
Болүнүштүк... "Жашоо" деген
түйшүктүү
Баарыбызга турмуш жүгү артылып.

Өттү арадан канча жаз да, канча
күз,
Калган менен, балдай алгач
сүйүүбүз,
Кармап алса, кайтпай калаар
сыяктуу,
Кайрылбадык кайра артка
бирибиз.

Өткон сайын бал татыган бул
өмүр,
Силердин да ойколоорүн жүрогүң,
Сезип турам, бирок артка кароо
жок,
Мен да ошол балапандын
бироомүн.

# КҮНӨӨЛҮБҮЗ КИМИБИЗ

Бабаларым! Жаткан жериң жай
болсун,
Учурунда жалбырттадың от
сымал.
Жан аябай баарын жасап биз
үчүн,
Бир кайгыны неге ойлогон
жоксуңар?

Ак-караны ылгай билген козү
ачык,
Акылмандар арбагыңа сыйынам.
Бирок, азыр жер алдында жатсаң
да
Толгоноорсуң урпактардың
ыйынан.

Жүрөктө арман, көкүрөктө күйүт
бар,
Калып барат салт-санаабыз,
тилибиз.
Балдар чыкты эне тилин унуткан,
Билбейм буга күнөөлүбүз
кимибиз.

Бабаларым! Доомaтым жок
силерге,
Бирок арман барат бойго
таралып.
Өзүңөрдү тартпай калдык эмнеге,
Басмырт жана жер карама
жаралып.



## САНАА

Түн. Нөшөрлөп төгөт жамгыр,
Түшүнбөйм себебине.
Сүйгөнүң жатат ооруп,
Капа бол дегениби э?
Кандайдыр коркунучтуу,
Ой келет жүрөгүмө.

Жактырам бала күндөн,
Нөшөрлөп төккөн жаанды.
А бүгүн эмнегедир,
Өзүмчө жеймин кайгы.
Алыста күткөн мени,
Энекем аман барбы.

Жүрөктү толгоп санаа,
Жүзүмдү купкуу кылып,
Тынчтыкты бербейт мага
Жакалап тумчуктуруп.
Кат жазам үмүт менен,
Караңгы түндө туруп.

## КАЙЫРЧЫ

Эски калпак, эски чапан чаң
баскан,
Таягы бар, азиз оору жармашкан.
Кан базардын кире бериш
оозунда,
Бир карыя тартат кыяк
талбастан.

Мункандыра созот кары кыякты,
Кыяктын да арманы бар сыяктуу.
Айланасын түн жамынып
турса да,
Адамдарды сезим менен туят бу.

Кан базарга арты үзүлбой эл
келет,
Тыйын берет, дагы бири нан
берет.
Чал алдында сары тыйындар
чогулган,
Калпактын да арманы бар
ондонот.

## АЛЫКУЛГА

Эрте келди быйыл колго
аккуулар,
Кокүрөктү эзип турду ачуу муң.
Коп күтүштү кол жээгинен коз
албай,
Корүшпөдү бирок сүйгөн
акынын.

Колдо толкун барган сайын
катуулап,
Копко чейин келе албады
сынына.
Неге келбейт? Кайда кеткен
Алыкул,
"Боз ат" минип келип калчу
жылына.

Тынчып толкун, караан келет
алыстан,
Алыкулбу? Жок таптакыр башка
го ал.
Зарыгат да кечки салкын
астында,
Акын ырын айтып кирет
толкундар.

## АТАМ ЖӨНҮНДӨ ДАСТАН

**(Туулган күнүндө жазылган ыр)**

Алтымышка чыгышып
курбуларың,
Ак тоюна чакырып турду баарын.
Арасында бош орун,
карааның жок,
Арман өрттөп ичимден
кылгырамын.
Буйрубады жараткан неге сизге,
Буурул баскан, пайгамбар бул
курагын.

Улам бири жарыша тос көтөрүп,
Жасап алып тамагын
карс жөтөлүп,
Той ээсине бакубат жашоо
каалап,
Топурашат меймандар
тос көтөрүп.
Нуру жайнайт жүзүнөн мактоо
сөзгө,
Тойдун ээси бакытка чылк
төшөлүп.
Аттиң деймин, жетсеңиз ушул
күнгө,

Алтымыш деп жар салып быйыл
күздө.
Топураган адамдын буту үзүлбөй,
Так ушундай той өтмөк биздин
үйдө.
Арман турмуш, талкалап ой-
тилекти,
Аңтарылып алдымда турду дүйнө.

Өмүрүңдүн аягы жарык болбой,
Сактап калаар "алтын кол" табып
болбой.
Алсыраткан оорудан кете бердиң,
Кете бердиң элүүгө толуп толбой.
Жаратканга кай жерден жаздың
экен,
Жаш өмүрүң жайына коюп
койбой.

Суу акса да соолубай булак
калат,
Суу өмүрүн суу гана улап агат.
Чурулдаган артыңда неберелер,
Суу сыяктуу өмүрүң улап барат.
Чоң атабыз согушта өлгөнбү деп,
Чочугансып кээде алар сурап
калат.

Согуш десе армандуу сезим
калып,
Жарым жашпы, бир жашпы
кезиң калып.
Кан майданга аттанып чоң
атабыз,
Силер жетим, чоң энем жесир
калып.
Элестете албайм деп оз атамды,
Сыздачу элең ачуу жаш козүңо
алып.

Ал күндордү эскиртип, жылдар
отүп,
Кандай болгон атакең корбой
осүп.
Балалыгың оттү эле арман менен,
Коз алдыңда атанын элеси очүп.
Сиз атанын, жетилдик а биз
болсо,
Чоң атанын кадырын билбей
осүп.

Күноо кылсам алаңдап
кысталчумун,
Мындай чакта жемеден куткарчу
ким?

Чоң атага таянып, тайраңдаган,
Чоң аталуу балдарга
суктанчумун.
Сыр алдырбай мактанып, чоң
атамды,
Баатыр болгон согушта деп
калчумун.

Дабаа жоктур мезгилге
куюндаган,
Үнүм неге кудайга угулбаган.
Алып кетти сизди ата бизден
болуп,
Калды артыңда балдарың
чырылдаган.
Кээде туруп кекенем жаратканга,
Чоң атасын уулума буйрубаган...

Алтымышта досторуң ак чач
болуп,
Бетин жапкан бырыштар кат-кат
болуп.
Бакылдашып отурат той үстүндо,
Байбичелер жанында ыктап коюп.
Арасынан сиз гана баягы эле,
Баягы эле бойдонсуз жап-жаш
болуп.

## СҮЙГӨНҮМ ЧЫН ЫСЫК КӨЛДҮН БИР КЫЗЫН

Ай десем ай, жылдыз десем
жылдызым,
Сүйгөнүм чын Ысык-Көлдүн бир
кызын.
Макул элем махабатым шартыңа,
Кыдыртсаң да кең дүйнөнүн
кылда учун.

Күн десем күн, чолпон десем а да
тең,
Топ келишмек баардыгына
теңесем.
Макул элем махабатым шартыңа,
Мени ал үчүн тоо жылдырып кел
десең.

Салыштырсам ага жоктой
ченем да,
Сүрөтүнүн бет алдына келем да,
Таазим кылып, сулуулукка баш
ийип,
Арнап ага эки сап ыр берем да.

Үшкүрүнөм, чыкпай ичте бук
калып,
Карай берем көздөрүнө
суктанып.
Анан ичтен түйшүк тартам
өзүмчө,
Досторумдун көздөрүнөн
кызганып.



## ЖАРЫМА

Күнүм болчу, таңыма кеч
кирбеген,
Сүйүүм болчу, жүрөктө
эскирбеген.
Түгөйүм бол турмуштун
шарданында,
Жаман жагым жаттарга
сездирбеген.

Ырым болчу, жаңырып обологан,
Жашым болчу, карылык
жолобогон.
Сүйүүм болчу, өчпөгөн өмүр бою,
Бийик туткан даңкымдан,
зоболомон.

Күчүм болчу ааламды
багындырган,
Жүзүм болчу, сулуулук
тамылжыган.
Түгөйүм бол, түбөлүк болунбогон,
Алыстасаң азга эле сагындырган.

## КЕЧИР...

Сапырылган жалбырактар
күздөгү,
Сагынычка окшоп кетет түспөлү.
Тагдыр кошпой эки жакка
бөлүнүп,
Сагынычтын кулу болдук биз
да эми.

Бир жылт эткен сүйүүбүзгө жол
издеп,
Ошол таттуу күндөрүмдөн
бериш деп.
Таазим этип эсте калган элеске,
Биз мезгилге кайрылаарбыз
миң ирээт.

Өмүр бою өзүн-өзү жазалап,
Махабатым өкүнүчтө жашамак.
Арга канча, коштошоордо
каалырым,
Сага сүйүү өзүмкүнөн тазараак.

Сага сүйүү өзүмкүнөн тазараак,
Каалайм, бирок, сенин тунук
сезимиң,

Экинчи ирээт махабатка
ишенбес,
Экинчи ирээт какпас анын
эшигин.

Өкүнүчто ыза аралаш жаш жутуп,
Эстен кетпей алгач сүйүүң коздо
учуп.
Өмүр бою издеп жүрүп отоорсуң,
Өмүр бою жалгыздыкты эш
тутуп.



## КАРКЫРАЛАР КАЙДА УЧАСЫҢАР

Сен ырдаган каркыралар кетти
учуп,
Сен да кеттиң, алар менен
кошулуп.
Жүрогүмо сүйүүңдү алдым бек
кысып,
Сезимимде үнүң калды созулуп.

Каркыралар жазда келди
кайрылып,
Арасынан издеп сени таба
албайм.
Атыңды атап, сурагандан
айбыгып,
Эмнегедир чоочунсунам алардан.

Кубулжута оз тилинде сүйлошүп,
Курбуларың учаарында артынан.
Алар менен мен да канат
күүлонтүп,
Сен тарапка барам сүйгон
каркырам.

# КАТ

Салам жаным! Сагындым.
Сагынычым,
Жаным кыйнап жалынга салып
келет.
Сен элең го бакытым, бар
ырысым,
Сен экообүз жан шерик эмес
белек.

Жашооң кандай, жакындап
сырдашууга,
Жан адам жок, жаныңдан кечкиң
келип,
Тургандырсың канжардын кылда
учунда,
Айлаң куруп, алсырап мен
оңдонуп.

Наалат айтып, өзүңө, тагдырыңа,
Турмушуңа заматта өзгөрүлгөн.
Тамагыңдан аш өтпөй
кысылдыңбы,
Ооз кесирлүү эриңдин
сөздөрүнөн.

Аз да болсо арылаар жүзүңдөн
муң,
Өткөн күндү эстесең жүрөк
жылып.
Андай кезде сен мени ойлооруң
чын,
Жолугууну менчилеп тилек кылып.



***

"Кечир" -деп жер тиктедиң
үшкүрүнүп,
"Келчи"-деп акыркы ирээт оптүң
да анан,
Жаныңа батты белем ички күйүт,
Сен каттың калыбыңда жер
караган.

Денеме суу куйгандай муздай
түштүм,
Сүйлоого алым келбей, тилим
буулуп.
Доорону сүрүп турду үшкүрүктүн,
Анан да дүйно турду миң кубулуп.

Кирпигиң жансыз болуп
ирмелбестен,
Күйүтүң тутоп турду ичте сенин.
Шол мүнот муздай түшкон
коздоруңдон,
Түшүндүм бактысыздык эмне
экенин.

Кайрылып үн катпадың, мен да тилсиз,
Тумандуу тагдырыңды ойлоп турдум.
Ишендим, биздин сүйүү тунук, кирсиз,
Түшүндүм айрылуга болбостугун.

***

Саргарган жалбырактар,
саргарган күз,
Саргарган сүротүң да дубалдагы.
Санаанын кулу болдук сен
экообүз,
Сага арнап жазып жатам
чыгармамды.

Сары кагаз, саргыч тартып
тамгаларым,
Сары оору турат мага башын
жолоп.
Сезгендей жүрөгүмдө арман
барын,
Сары жаан, босогомдо жашын
тогот.

Сапырып ойлорумду кыялдагы,
Сен жакка бараар жолум
күүгүмдөнүп.
Сарсанаа басат мени улам жаңы,
Сагыныч үмүт үзбөй бүлбүл
күйот.



***

Жаным менин, кайда жүрдүң
баштатан,
Дүйнодо жок аялзаттан
башкачам.
Эңсеп сени, күнү-түнү тынчым
жок,
Кайда барам, эми кайда баш
катам.

Дүйном тарып, турмуш мага суз
болуп,
Бассам-турсам ойлогонум "Сиз"
болуп.
Орду толгус ээндик ээзет жүроктү,
Бул "жалганда" же сапарлаш
болбодук.

Жолдорубуз эки башка,
бирикпей,
Жылдар мени чимирилтет
ийиктей.
Бир арманым, ортодогу
тоскоолдук,
Бир арманым, калганыбыз
бирикпей.

***

Жаным менин! Толгон дүйнөм
боксодон,
Кеч жолуккан аруу сүйүүм
коксогон.
Күтүп келгем, жолугат деп бир
сүйүү,
Күтүү мени ойдо-төмөн өкчөгөн.

Жүз жыл күтөм, балким жүздөн
көбүрөөк,
Сен барыңа топук кылам коп
ирээт.
Сага бараар жолум улам узарып,
Сага эч качан жетпеөчүдөй
көрүнөт.

Сыр алдырбай ичимден жеп
убайым,
Миң жыл күттүр, ага деле
чыдайын.
Жетпесем да сүйкүм жүзүң
карыбай,
Бул жалганда бактылуу бол
ылайым.

Жаным сенден, бардык
жакшылыктарын
Аябасын деп тилеймин, кудайым.

***

Кош дейм ичтен сызылып, кош
дейм ичтен,
Коштошом да кылгырып
боздойм ичтен.
Борошого чыйрыгып дене боюм,
Сага барчу кайрадан жолдорду
издейм.

Туш-тушумдан жол кетет,
туш-тушумдан,
Таппай келем карайлап кушту
учурган.
Билбей турам кай жолго
түшоорумдү,
Адаштымбы чын эле
багытымдан.

Жардам кылаар жанымда кишим
болуп,
Жолок болсо, дем берип күчүм
болуп.
Аттигинин, ушул кез, ушул
учур,
Түшүм болуп калса эмне,
түшүм болуп.

***

Шамалдай шайдоот, жаркылдап
жүргөн,
Баладай ойноок мүнөзүң.
Сүйкүмдүү назик, жылмая
күлгөн,
Тартылат көзгө сүрөтүң.

Аттиң ай, жаштык өткөнбү
сизден,
Бырыш да түшүп жүзүңө.
Кылгырып кээде сыздаймын
ичтен,
Сабыр кыл мезгил кичине.

Көп эле нерсе айтсам дейм
сизге,
Көп учур бирок батынбайм.
Оорудай болуп катылып ичте,
Көп сырлар калды ачылбай..

Ырдасаң үнүң жанымды козгоп,
Кыяктай мукам угулат.
Качанкы өткөн сүйүүңдү
жоктоп,
Арманың бардай туюлат.

***

Актай бойдон калды барак,
Атың дагы жазылбай.
Сагынычтан санаа толгон,
Катым дагы жазылбай.

Жазды мен да күткөн элем,
Жан кишиге сыр ачпай.
Саргараарын билбептирмин,
Сүйүүбүздүн барактай.

Калем сабым бактысыздай,
Канбай калган кумары.
Актай бойдон калдык биз да
Ушул барак сыңары.



***

Кышындагы сөөккө жеткен
ызгаарды айт,
Жазындагы жан жыргаткан
кыздарды айт.
Сени унтууга канча аракет
кылсам да,
Сенден канча кагуу угуп,
сынсам да,
Сен деп соккон жүрөк неге
муздабайт.

Ээн талаада жалгыз талдай
ийилип,
Жаздын күнү жалбырагым
күбүлүп.
Карманаарга калбай кыял
кымындай,
Бүтсөм дагы түтөп чеккен
чылымдай,
Жалгыз үмүт койбойт
сенден түңүлүп.

***

Бүттү баары, мына акыркы жаз
бүгүн,
Кызгылт тартып, кош айтыша
батты күн.
Күн сыяктуу батып кетпей
көңүлдөн,
Жаз сыяктуу өтүп кетпей
өмүрдөн,
Калды элесиң, калды үзүлбөй
үмүтүм.



## МАЗМУУНУ:

Автордон.....4
Эне неге кирдиң түшүмө.....5
Өмүр.....6
Атама (ырлар түрмөгүнөн).....7-12
Баатырлардын
арбагы ыйык дайым.....13-14
Улуу күн.....15
Жомокто жашап жүрүп.....16
Нооруз.....17
Балатылар.....18-19
Карыларым.....20
Күлгүн курак.....21-22
Менин асыл энекем.....23
Балама.....24
Күт эне.....25
Жаз келет жакында биз жакка.....26
Класссташтарыма.....27
Күнөөлүбүз кимибиз.....28-29
Санаа.....30
Кайырчы.....31
Аликулга.....32
Атам жөнүндө дастан.....33-36
Сүйгөнүм чын
Ысык-Көлдүн бир кызын.....37
Жарыма.....39
Кечир.....40-41
Каркыралар кайда учасыңар.....42
Кат.....43-44
"Кечир деп жер тиктейсиң".....45-46
"Саргарган жалбырактар".....47
"Жаным менин!".....48
"Кош дейм ичтен сызылып".....50
"Шамалдай шайдоот".....51
"Актай бойдон калды барак".....52
"Кышындагы сөөккө
жеткен ызгаарды айт".....53-54

Нарынбек ЖАМАНГУЛОВ

# "АТАМ ЖӨНҮНДӨ ДАСТАН"

(ырлар)

**Редактору М.Токторов**
**Сүрөтчүсү С.А.Димитриенко**
**Корректору Б.Абдыкадырова**
**Тех.тедактору Ө.Умаров**

**Баасы келишим боюнча**

Терүүгө берилди 01.10.2000. Басууга берилди 29.10.2000 Формат 70Х16 Кагазы офсет 2 басма табак.

ОСОО "НИЖИС" Чүй проспектиси 152.